УДК 82(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-557-563

**Эгембердиева А.А.**
филология илимдеринин доктору, доцент
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
aidaegem@rambler.ru

## АБАК ТЕМАСЫ АЯЛ ЗАТЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДА ЖЕ ЖЫПАРА АРЫКОВАНЫН "ТОРДОЛГОН АСМАНЫ"

**Аннотация:** Бул макалада кыргыз адабиятындагы абак темасынын көркөм чагылдырылышына обзор берилип, акын Жыпара Арыкованын "Тордолгон асман" китебиндеги ырлар анализденет. Аталышы символикалуу бул китептин ичиндеги ырлар автордун өзү каарман болуп, жон териси менен сезип, жүрөгүнон өткөргөн абалын чагылдырган ырлардан турат. Ал ырларда жеке адамдын эле эмес, доордун көйгөйү бар. Зили жаман максаттар үчүн адам садага чабылган мамлекеттин кадамын оңдоо мүмкүнбү? Аны кантип ишке ашырууга болот? Канткенде өлкөнүн жараны эркин ойлоп, коркунучу, тоскоолдугу жок жашайт, кантип айтар сөзүн айта алат? Канткенде карапайым калк эркин ойлонуп, эркин дем алат? Кайсыл доор, кайсыл формация адамга мээримдүү болду? Кайсы түрмө адамды тарбиялайт? Кишини түрмөсүз жазалоо мүмкүн эмеспи? Китеп баштан аяк ушул өңдөнгөн суроолорго жооп издейт. Андагы ырлардагы астейдилдикке күмөн салуу мүмкүн эмес. Ал эми жалпы күндөлүктү автордун түрмө турмушуна көбүнчө журналист катары баам салуусу дешке болот. Ж.Арыкованын китеби, эң биринчиден, эгемендүү Кыргызстандын коомдук турмушундагы ак-кара көрүнүштөрдү, нравалык абалды, эркин өлкөнүн түрмөсүндөгү чындыкты көркөм чагылдыргандыгы, экинчиден, жогоруда белгилегендей, аял автор тарабынан жазылгандыгы, үчүнчүдөн, андагы көркөм табылгалары, жана акыркысы, агасына жазган катында Ф.М.Достоевский белгилегендей, китептин авторунун дагы сынбай, "эл ичинде адам бойдон жашап, адам бойдон калгандыгы" менен баалуу.

**Негизги сөздөр:** адабият, поэзия, абак темасы, түрмө, доор, коом, аял, Жыпара Арыкова, эркиндик, адилеттик.

**Эгембердиева А.А.**
доктор филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишкек
aidaegem@rambler.ru

## ТЕМА ТЮРЬМЫ В ТВОРЧЕСТВЕ ЖЕНЩИН ИЛИ "РЕШЕТЧАТОЕ НЕБО" ЖИПАРЫ АРЫКОВОЙ

**Аннотация:** В данной статье дан обзор художественного выражения темы тюрьмы в кыргызской литературе, а также анализируются стихи из книги "Решетчатое небо" поэтессы Жипары Арыковой. Стихи в этой книге, название которой символично, состоят из стихотворений, отражающих ситуацию самого автора, который является героем, чувствует

боль своей кожей, проходит через его сердце. В этих песнях проблема не только личности, но и эпохи. Можно ли исправить шаги государства, где людей убивали из плохих целей? Как это реализовать? Как гражданин страны может свободно мыслить, жить без страха и препятствий, как он может говорить? Как обычные люди могут свободно мыслить и свободно дышать? Какая эпоха, какая формация была благосклонна к человеку? Какая тюрьма воспитывает человека? Разве нельзя наказать человека без тюрьмы? Книга ищет ответы на такие вопросы от начала до конца. В искренности стихотворений невозможно сомневаться. А общий дневник, можно сказать, является авторской оценкой тюремной жизни как журналиста. Книга Ж.Арыковой ценна, прежде вего, художественным изображением черно-белых сцен общественной жизни независимого Кыргызстана, нравственной ситуации и действительности в тюрьме свободной страны, во-вторых, как уже говорилось выше, написана женщиной-автором, в-третьих, художественными находками в ней, и, наконец, как отмечал Ф.М.Достоевский в письме к брату, тем, что автор книги не сломался, “жил как человек среди людей и оставался человеком ценным”.

**Ключевые слова:** литература, поэзия, тема тюрьмы, лагерь, эпоха, общество, женщина, Жипара Арыкова, свобода, справедливость.

**Egemberdieva A.A.**
Doctor of Philology, associate professor
Kyrgyz State University named after I.Arabaev
Bishkek
aidaegem@rambler.ru

## THE THEME OF PRISON IN THE ART OF WOMEN OR “LATTICE SKY” BY ZHIPARA ARYKOVA

**Annotation:** This article provides an overview of the artistic expression of the prison theme in Kyrgyz literature, and also analyzes poems from the book “The Lattice Sky” by the poetess Zhipara Arykova. The poems in this book, whose title is symbolic, consist of poems that reflect the situation of the author himself, who is the hero, feels the pain with his skin, passes through his heart. These songs are a problem not only of personality, but also of the era. Is it possible to correct the steps of the state where people were killed for bad purposes? How to implement this? How can a citizen of a country think freely, live without fear and obstacles, how can he speak? How can ordinary people think freely and breathe freely? What era, what formation was favorable to man? What kind or prison educates a person? Isn’t it possible to punish a person without going to prison? The book seeks answers to such questions from beginning to end. It is impossible to doubt the sincerity of the poems. And the general diary, one might say, is the author’s assessment of prison life as a journalist. Zh.Arykova’s book is valuable, first of all, for its artistic depiction of black and white scenes of social life in independent Kyrgyzstan, the moral situation and reality in the prison of a free country, secondly, as mentioned above, it was written by a female author, thirdly, the artistic discoveries in it, and, finally, as F.M.Dostoevsky noted in a letter to his brother, the fact that the author of the book did not break down, “lived like a man among people and remained a valuable man”.

**Key words:** literature, poetry, prison theme, camp, era, society, woman, Zhipara Arykova, freedom, justice.

Союз урап, Кыргызстан эгемендүүлүктү алган алгачкы жылдарда адабиятты жандандыруу багытында атайын аракеттер болгондугу талашсыз. Колуна жаңы калем кармагандарды шыктандыруу максатында Табылды Муканов атындагы адабий сыйлыктын уюштурулушу – анын бир көрүнүшү. Сыйлыкка татыган жаш акындардын ичинде Жыпара Арыкованын дагы ысымы бар. Чыгармачылыктагы изги кадамын таасын байкаткан калемгер бирок толук 16 жылдан кийин гана "Жан муза" (2010) аттуу алгачкы жыйнагын жарыкка чыгарды. Андагы ырлар, китептин баш сөзүндө автор өзү айткандай, "жандүйнөнү эзген азап, мээнди жеген ойлор жүрөгүң менен өпкөңдүн ортосунда кысылып же кысып аба жетпей турганда каректен төгүлгөн тамчылардай болуп" [1.5-б.] жаралган. "Менин ыр китебим эчак эле жарык көрүп, окурмандардын колуна тийиши керек эле. Бирок анын сааты чыкпады. Чыкпады дегеним, мен окурмандарымдын ыр китеп сатып алып окуй турган маанайын күттүм, алар турмуштун, базардын түйшүгүнөн бир аз баш көтөргөн убактысын күттүм" [1.5-б.], – дейт акын. Мунун өзү 90-жылдардын адабияттан оолактап турган мезгил болгондугунан тымызын кабар берет. Ооба, бирок негизги кеп мында деле эмес. Кеп, акындын андан үч жыл өткөндөн кийин жарык көргөн "Тордолгон асман" (2013) аттуу экинчи китеби жөнүндө. Негизгиси прозадан, арасында ырлардан турган анын тулкусу көтөрүп турган тема тууралуу.

Ырас, абак темасы биздин адабиятта өтө деле жаңы тема эмес. Бирок өтө маани берилип, тереңдетип сөзгө алынган дагы тема эмес. Болбосо айтылуу Боогачы (1866-1936), Казыбек Мамбетимин уулу (1901-1936), Молдо Багыш (1888-1937), Токтогул Сатылганов (1864-1933) сыяктуу акындардын ырларынан башат алган бул тема Молдо Кылычтын (1866-1917), Касым Тыныстанов (1901-1938) менен Аалы Токомбаевдин (1904-1988), Кубанычбек Маликовдун (1911-1979), Тазабек Саманчиндин (1909-1979), Ташым Байжиев (1910-1952) менен Зияш Бектеновдун (1911-1994), Кусеин Карасаевдин (1901-1998), Азамат Алтайдын (1920-2006), Алым Токтомушев (1947-2014) менен Мелис Макенбаевдин (1954-2002), Карбалас Бакиров (1954) менен Кубанычбек Басылбековдун (1949), Шертай Субановдун (1914-2017), эң кийинки адабият өкүлдөрүнүн ичинен Болот Назаров (1993) менен Олжобай Шакирдин (1971) чыгармаларында, жазгандарында сызылып өткөн тема болуп калды жана болуп калчудай. Ар доордун буга байланышкан күйүтүн ар башка жазуучулар чыгармаларында беришти. Айталы, дүйнөлүк жазуучу Ч.Айтматовдо сталиндик репрессиянын курмандыгы болгон атасынын катаал тагдыры көркөм образдар аркылуу таасын чагылдырылса, Т.Касымбеков, К.Сактанов, С.Станалиев, А.Койчиевдин романдарында, М.Байжиевдин, Р.Айтматованын эскерүүлөрүндө ал өз ачылышын таап, ал эми аялзат өкүлдөрүнүн ичинен Бактыгүл Сейитбекова менен Жыпар Жетигенованын кара сөздөгү тажрыйбалары бар. Биз адатта үлгү туткан орус адабиятында Ф.М.Достоевский ("Записки из мёртвого дома", "Сибирская тетрадь") баштаган бул тема Л.Н.Толстой ("Воскресение"), А.П.Чехов ("Остров Сахалин"), А.С.Пушкин ("Как узник, Байроном воспетый", "Страшно и скучно..."), В.М.Дорошевич ("Каторга"), И.А.Бродский ("Прошёл январь за окнами тюрьмы", "С красавицей налаживая связь"...), А.И.Солженицын ("Архипелаг ГУЛАГ", "Один день Ивана Денисовича", "В круге первом" ...) ж.б. жазуучулардын чыгармаларында өнүктүрүлгөн.

Дегеле "түрмө" институту байыртан эле коомду тарбиялоонун бир жолу катары каралып келет. "Түрмө", "абак", "туткун", "сүргүн" түшүнүктөрүнө байланышкан окуялар "Манас" үчилтиги баштаган эпостордо, элдик жомоктордо дагы ар башкача өңүттө учурайт.

“Орго салуу” көрүнүшүн дагы аталган институттун баштапкы бир көрүнүшү катары кароого болот. Кыргызстандын түндүгү 19-кылымдын ортосунда өз ыктыяры менен Россияга кошулгандан кийинки инсандык “тарбиялоо” орус бийлиги менен байланышта болгондугу, айрыкча “кулакка тартуу”, “репрессия” учурундагы массалык айдоолор менен камоолор жакшы белгилүү. “Сүргүн” дегенде адатта Сибирь элестеп, кийинчерээк Сахалин, Колыма өңдүү Россиянын жаратылышы катаал түндүк тараптагы жерлери ага кошулган. Аны чагылдырган чыгармалар согуш окуяларын чагылдырган романдардай эле оор кабылданат.

Түрмө темасындагы чыгармаларды эки өңүттөн караганга болот. Биринчиси, аны жазган автордун түрмө шартын өз башынан өткөргөндүгү; экинчиси, көркөм чыгарма катары гана жазуу. Жогоруда ысымдары саналгандардын ичинде бул экөө тең бар. Ал тургай Көл өрөөнүнөн чыккан Балбай баатырдын Алматынын түрмөсүндө жатканда жазган керээз ырын Белек Солтоноев өз эмгегине киргизген: “Арага Кокон салалы, Элчи кылып Коконду, Төрөкелди баатырды Бетке кармап баралы, Башты жыйып алалы, Алматынын ак мазар Сөөгүмдү аманат кой башында, Ачып алгын жазында. Чаркың келсе жүз келгин, Сөөгүм ачып ала көр, Ысык-Көл алып бара көр...” (3.46-б.). Муну айтуу менен абактын азабы акын эмес жанды да акынга айлантарын көрүүгө болот.

Жыпар Арыкованын “Тордолгон асманы” күндөлүк катары жазылганын айта кетүү керек. “Бул менин гана тагдырым эмес, бул миңдеген менин замандаштарымдын, аёосуз чындык деп күрөшүп жеңилип калган же жеңген аялдардын тагдыры. Бул мен тарткан азап эмес, бул бүтүндөй куугунтук жегендер тарткан азап. Бул бүгүнкү биздин жашоо, биздин коом, биздин азап. Демек, мен жазышым керек. Бул жөн эле китептин барактары эмес, жүрөгүмдүн чел кабыгы, андагы тамгалар көз жашымдын тамчылары...” [2.5-б.]. Акындын китебинде эң негизги бөлүнүп көрүнгөн нерсе – эркиндик. Жазуучу аны “туурасы – эки, узуну эки жарым метр” болгон сыз бөлмөнүн ичинде жон териси менен сезет. Тордолгон терезеден көрүнгөн көк асман, күнүгө бир саатка короого чыгарылгандагы жуткан аба, кайып учкан көгүчкөндөр, бут алдыда тепселген чөптөр – мунун баары эркиндиктин символундай сезилип, адамдын бактылуулугун өлчөй турган чен-өлчөм катары каралат. Эркиндиктин жанында турган адилетсиздик, аргасыздык, адам башына келген мүшкүл, аялдык тагдыр, ата-энеден, ага-туугандан айрылуу, алыстагы уулун эстеп азапка түшүү, көкүрөктөгү ыза менен муңду угар пенденин жоктугу, ак жерден күйүү, замандын каары, коомдун илдети, адамдардын ачкөздүгү, саткынчылыгы, өздөрүнүн башындагы төөнү көрбөй карапайым калктын башындагы чымынды көргөн бийлик, көрпенделик, жагымпоздук, кемиген адеп-ахлак, чырылдаган чындык, туулган жерге сагыныч, эркиндикти эңсөө, куураган үмүт – жазуучу өз башынан өткөргөн он бир айдын ичиндеги сезип-туйган нерселери китепте ушуларга байланыштуу берилет: “Көл эңсеп барып толкунду көрсөң, Көксөгөн менден салам айт. Көктөмдөй балам, көз жаштуу энем, Көйкөлгөн жерим, өзүңө жалгыз аманат...//Сайраган куштун эшитсең үнүн, Саламым айткан сагынып. Сабалап учпай кайрылды канат, Саргайдым торго кабылып...” [2.30-31-б.].

Ж.Арыкованын алгачкы ырларынын маанайы деле өтө ачык эмес болчу. Ал ырларда кайрылбас сүйүү, өкүт, арман, кусалык, сагыныч басымдуулук кылган болсо, түрмө темасындагы ырларында ошол көңүл абалдары ого бетер тереңдеп, эми төрт дубал ичинде жан айласын таппай чырылдап, көзүнөн энеси менен уулу, жан жаратылыш учуп, бет алды жүгүргүсү келип, бирок кырсык буттан тушап, аргасыздыктан денеси шалдайып, башы чытырап, бул азапты жүрөк кургур көтөрө албай, дары артынан дары ичип азапка малынат. “Эшек араба турмуш, жарылган үй, жаралуу жандар, томсоргон тоолор, арман, “төрөлбөй

койсом болмок” деген өкүт, муңга төөнөлгөн кан-жан, арманга муунуу, кылкылдаган кымыздай уу, ок жеген кайберендей кансыроо, сыздаган жан, көксөгөн бакыт, көк муздай тоңгон көңүлдөр, көкүрөктү бычаксыз ойгон көздөр, тумандаган карек, кайраттанган кыял, карайлаган калыстык, чыркыраган чындык, чыга албаган тор, шоолаланган үмүт, шорго айланган өмүр, таңкы күндүн шоокуму, сур булут, урган толкун, кыйраган кеме, торго түшкөн чымын, сызылган сыбызгы, кыйылган кымыздык, муздак темир, саткынчылык, санаа, зындан, боздогон бороон, боз туман, боорго жабышкан чаң, күйүт, күлүк ой, зарлаган тилек” ж.б. – акындын үч эле ырында ушул маанайдагы сөздөр жыш учурайт. Бул анын жалпы поэзиясын ого бетер салмактантып, оорлотуп турат. Ырларда аллитерацияга өтө көп орун берилген. Аны менен катар элдик ырларды, санат, арман, кошок ырларын эске салган мотив байкалат. Китептеги “Эне” поэмасында алар катмарлашып кезигет. “Аялдын бир өлүмү – төрөттөн” демекчи, ансыз да өмүрүн тобокелге салган, бир эмес, бир нече жолу салган, энелердин абакта жатышы акылга сыйбас иш экендигин айтып, акын энелерди даңктайт.

Жогоруда белгилегендей, абак темасындагы ырлар акындар поэзиясында дагы, профессионалдык адабиятта дагы орун алганы менен, мындагы жаңылык – анын “мамлекеттик чыккынчы” катары айыпталган жана кайра акталган аял затынын өкүлү жазып жаткандыгында. Болгондо дагы көркөм ойлоо аркылуу гана эмес, ошол нерсени жаны менен сезип, өзү күбө, каарман болгондугунда. Ылайым, кылмыш жана жаза жаатында бул аял затына байланышкан адабияттагы биринчи жана акыркы мисал болсун!! Бирок, алсыз жыныстын өкүлдөрүнүн айтары өзүнчө экендигине биз мисалга тарткан акындын поэзиясы күбө. Эң ириде ал аял, эне катары, андан кийин өзүн акыйкатсыз айыптаган өлкөнүн жараны катары сөзүн айтат. Жалпы китепте бир гана абактагы көргөн күнүн сүрөттөбөстөн, акын ага карата талдоо берип, абакка түшүүнүн себебин издейт, бул өзүнө карата кыянатчылык гана эмес, ага караганда башка бир чоң саясатчыны кармоонун каршыккан аракети экендигин аңдайт. Зили жаман максаттар үчүн адам садага чабылган мамлекеттин кадамын оңдоо мүмкүнбү? Аны кантип ишке ашырууга болот? Канткенде өлкөнүн жараны эркин ойлоп, коркунучу, тоскоолдугу жок жашайт, кантип айтар сөзүн айта алат? Канткенде карапайым калк эркин ойлонуп, эркин дем алат? Кайсыл доор, кайсыл формация адамга мээримдүү болду? Кайсы түрмө адамды тарбиялайт? Кишини түрмөсүз жазалоо мүмкүн эмеспи? Китеп баштан аяк ушул өңдөнгөн суроолорго жооп издейт. Андагы ырлардагы астейдилдикке күмөн салуу мүмкүн эмес. Ал эми жалпы күндөлүктү автордун түрмө турмушуна көбүнчө журналист катары баам салуусу дешке болот. Ж.Арыкованын китеби, эң биринчиден, эгемендүү Кыргызстандын коомдук турмушундагы ак-кара көрүнүштөрдү, нравалык абалды, эркин өлкөнүн түрмөсүндөгү чындыкты көркөм чагылдыргандыгы, экинчиден, жогоруда белгилегендей, аял автор тарабынан жазылгандыгы, үчүнчүдөн, андагы көркөм табылгалары, жана акыркысы, агасына жазган катында Ф.М.Достоевский белгилегендей, китептин авторунун дагы сынбай, “эл ичинде адам бойдон жашап, адам бойдон калгандыгы” менен баалуу.

Мурдагы бир макалабызда белгилегендей, “Кыргыз аялдар поэзиясы: көркөмдүк табияты, тарыхый өнүгүшү, идеялык-стилдик өзгөчөлүктөрү” деген аталыштагы илимий монография чыгарган адис катары айтсак, аял затынын колуна калем кармап адабиятта шугулданышы оңой-олтоң иш эмес. Бир жагында үй-бүлөнүн, кайын-журттун, кызматтын түйшүгү, ошол эле маалда түн жамынып дилиндегини кагазга түшүрүп отуруу, ал түшкөн саптар үчүн поэтикалык да, моралдык да жоопкерчилик тартуу, “эл эмне дейт?” деген

улуттук адеп-ахлактын чеги – мунун бардыгы аялзат өкүлдөрүнүн чыгармачылыкта “жашап кетүүсүн” татаалдаштырат. Жеке биздин “адабиятка жаңы кадам койгон акын кыздарга эркектер акын катарында эмес, ургаачы катары карашат. Кыздардын көбүнесе 30-40тын кырынан ары жазбай калыштарына айланасындагы күбүр-шыбыр сөздөр менен айыңдар себеп болот. Басынып, чүнчүгөн байкуштар эптеп көздөн оолак болууга аракеттенишет. Жазбай калуу, же аз жазуунун да бир себебин аялдын өзүндөгү жүзөгө ашпай калган поэтикалык жаратман потенциалды энелик табиятын ачуу (бала төрөө) аркылуу компенсациялаганы менен түшүндүрсө болот. Мунун тескерисинче, психоаналитиктер (Фрейд, Юнг) чыгармачылыктын өзүн адамдагы баштапкы, табигый муктаждыктар, мүдөөлөр канааттандырылбай, жасалма жолго бурулушу (сублимацияланышы) деп түшүндүрүшөт” (“Аялдан гений чыкпайт”, КМ, 2003) – деген дагы жоромолубуз бар. (4. 672-681-бб.). Өлкө эгемендикти алган жылдары адабиятка баш баккан акын кыздардын бири катары Ж.Арыкова дагы калемдештери тарткан түйшүктү тартышып, алар менен бир жолдо келатат.

“Ошентип өмүрдүн дагы бир күзү келди” аттуу ырында акын:

“Өмүрдө кимди сүйдүм, кимге күйдүм?
Өмүрдө не үйрөнүп, нени билдим?
Турмуштун камчысында калып далай,
Туу болуп кимдер үчүн, күн болуп кимге тийдим?

Өмүрдө ким таарынды, таарынттым киминерди?
Өзөктө өрттөп турган таанибай сүйүүңөрдү.
Өмүрдө өбөк болуп, жөлөк болуп,
Өзгөчө сыйладымбы тирүүлөрдү?

Өмүрдүн ашуусунда туруп бүгүн,
Өмүргө бир сап ырды куруп бүгүн.
Өзүмө суроо салам жообун таппайм
Өйдөдөн ыйлайт неге булут бүгүн?

Апаке,
Тамырың сыздап тапкан кызың сенин
апалап көкүрөгүң канча күн кактадыбы?
Ал бүгүн ак сүтүңдү актадыбы?..
Турмуштун көп чекиттүү чечип жолун,
Турмуштун чүкөлөрүн калчадыбы?..”, – деп жазат.

Мындай рефлексия акындардын баарында болуп турат, өзүнүн ким экендигин талдоо, анализдөө. Ж.Арыкова дагы бул ырында энеге кайрылуу ирээтинде өзүнүн баскан-турган жолу, табылга жаңылыштыгы тууралуу ой жоруйт. “Өйдөдө ыйлайт неге булут бүгүн?” деген саптын өзүндө подтекст бар. А бирок акын кыздар жөнүндө биз жогоруда белгилегендей, анын “көздөн оолак болуп” обочолонгудай, элден четтегидей себеби жок. Жанагыдай оор окуяларды баштан өткөргөнү – бул акындык тагдыр...

**_Колдонулган адабияттар:_**

1. Арыкова Ж. Жан муза [Текст]. Ж.Арыкова. – Б.: Турар. 2010. – 160 б.
2. Арыкова Ж. Тордолгон асман. [Текст]. Ж.Арыкова. – Б.: Нур-Ас. 2013. – 176 б.

3. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы. [Текст]: Тарыхый очерктер. Б.Солтоноев.– Б.: Учкун. 1993. – 224 б.
4. Эгембердиева А., Жумалиев С. Марфуга Бектемированын поэтикалык изденүүлөрү. [Текст]. А.Эгембердиева, С.Жумалиев. И.Арабаев атындагы КМУнун "Жарчысы". 2024. №4.
5. Эгембердиева А. Кыргыз аялдар поэзиясы: көркөм табияты, тарыхый өнүгүшү, идеялык-стилдик өзгөчөлүктөрү. [Текст]. А.Эгембердиева. – Б.: Аят. 2012. – 272 б.

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Мокеева А.М.**